**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**АВТОМАТИКА ЖАНА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ**

**Б.Н. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ-ОРУС СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кеңеш Д. 05.18.579

**ОДИНАЕВ РАИМ НАЗАРОВИЧ**

# УБАКЫТ-КУРАКТЫК ТҮЗҮМҮН ЖАНА МЕЙКИНДИКТЕ ТАРАЛУУСУН ЭСКЕ АЛУУ МЕНЕН ӨСҮМДҮКТӨРДҮ КОРГОО ПРОЦЕССИНИН МАТЕМАТИКАЛЫК МОДЕЛИН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА ПРОГРАММАЛОО

05.13.18 – Математикалык моделдөө, сандык эсептөөлөр жана программалар комплекси

физико-математика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2019**

**Жумуш Таджик Улуттук университетинде аткарылган**

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | Физико-математика илимдеринин доктору, профессор **Юнуси Махмадюсуф Камарзода** (ТУУ) |
| **Расмий оппоненттер:** | 1. Физика-математика илимдердин доктору, профессор **Сатыбаев Абдыганы Джунусович** (М.М. Адышев ат. ОшТУ, кафедра башчысы)<br>2. Техника илимдеринин доктору **Хабдулина Зауреш Кинаятовна** (Рудный индустриалдык институту, кафедра башчысы)<br>3. Техника илимдеринин доктору **Бакиров Калыс Берикович** (У.Асаналиев ат. Тоо-кен жана тоо-кен технологиялар институтут, кафедра башчысы) |
| **Жетектөөчү уюм:** | **Н.Исанов ат. КМКТАУ, ЖМТИ** 720020, Бишкек ш., Малдыбаев көч., 34, б |

Диссертация 2019-ж. 29 мартында саат 10.00 Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Автоматика жана маалыматтык технологиялар институтунун жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин алдындагы Д. 05.18.579 диссертациялык кеңешинин отурумунда жакталат. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265, ауд. 346, сайт: www.iait.kg.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын китепканасында 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265, «а» дареги боюнча жана КР УИА АжМТИ сайтында дареги: www.iait.kg таанышса болот. E-mail: gulsaat@mail.ru.

Автореферат 2019-жылдын 25 февралында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, к.ф-м.н. Керимкулова Г.К.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Математикалык моделдөөдө айыл чарба өсүмдүктөрүн коргоо процессин сүрөттөө көйгөйү актуалдуу болуп саналат. Бүгүнкү күндө өсүмдүктөрдү коргоо маселеси Тажикстан Республикасынын айыл чарбасынын, илимдин жана технологиялардын өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыттарында пайдаланууга байланыштуу көптөгөн илимпоздордун көңүлүн бурду. Өсүмдүктөрдүн пландаштырылган түшүмүн коргоо процессин математикалык моделдөө жаратылыш системаларын абалын алдын ала божомолдоонун жана аларды башкаруунун негизги куралдарынын бири болуп саналат. Азыркы учурда экономикалык, коомдук жана экологиялык өтө маанилүү көйгөйлөрдүн бири болуп зыянкечтерден чарба өсүмдүктөрүн коргоо системасын жакшыртуу саналат. Тажикстан Республикасында айыл чарба өсүмдүктөрдүн негизгиси болуп пахта саналат. Өсүмдүктөрдүн пландаштырылган түшүмүн коргоо процессин математикалык моделдөө суроолору интенсивдүү өсүмдүк өстүрүүдө агро-экосистеманы калыптандыруу жана өнүктүрүү өзгөчөлүктөрүн ачуучу, максаттуу экологиялык жана биологиялык изилдөөнүн негизинде аймактык пахта коргоо системасын жакшыртууну талап кылат. Өсүмдүктөрдү коргоо процессинде айыл чарба зыянкечтерине каршы комплекстүү ыкманын негизги максаты - түрлөрдүн "зыяндуу курт-кумурскаларды" жана "пайдалуу курт-кумурскалар" агроценоздорун биологиялык жана химиялык ыкмаларды каражат катары же башкаруу куралы катары колдонууга негизделген башкаруу болуп саналат. Пландаштырылган түшүмдү коргоо маселесин чыгаруу үчүн математикалык методдорду жана компьютердик программаларды колдонуу пландоо-экономикалык иштердин натыйжалуулугун абдан жогорулатат, ал эсептөө убакытысын олуттуу кыскартуу үчүн гана эмес, ошондой эле оптималдуу натыйжаларды камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Ошондуктан, бул тема актуалдуу жана керектүү болуп саналат.

Көрсөтүлгөн диссертациялык иш эркин трофикалык $V(\cdot)$ функциялар учурунда курактык курамын жана мейкиндик боюнча бөлүштүрүүнү эске алуу менен өсүмдүктөрдү коргоо процессине математикалык моделдерди жана программаларды иштеп чыгууга багытталган.

**Диссертациянын илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы**

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар "Прикладдык маселелерди чыгарууга алгоритмдерди жана программалар жабдууларын, математикалык моделдерди иштеп чыгуу" М-7 0110RK165 долбоору боюнча илимий изилдөө иштеринин материалдарына кирген.

**Диссертациялык иштин максаты жана маселеси. Изилдөөнүн максаты** болуп пландаштырылган айыл чарба өсүмдүктөрдүн түшүмүн коргоо маселесинин математикалык моделдөө куралдар жыйындысын иштеп чыгуу саналат. Бул максатка жетүү үчүн диссертациялык иште төмөнкү **маселелер коюлган:**

а) эркин трофикалык $V(\cdot)$ функциялары менен курактык түзүмүн жана мейкиндик таратуусун эске алуу менен өсүмдүктөрдү коргоо маселелеринде биологиялык түрлөрдүн өз ара аракеттенүүсүнүн процессин сүрөттөгөн математикалык моделди түзүү;

б) эркин трофикалык функциялар менен өсүмдүктөрдү коргоо процессин чыгаруунун зарыл жана жетишерлик болгон шарттарын математикалык негиздөө;

в) өсүмдүктөрдү коргоонун интегро-дифференциалдык маселелеринин чыгаруунун оптималдык жана сандык ыкмаларын көрсөтүү;

г) өсүмдүктөрдү коргоо процессин чыгарууга программалардын жыйындысын түзүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**. 05.13.18 адистигинин үч аймагы боюнча диссертацияда алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы төмөнкү жоболордо жатат:

***Математикалык моделдөө.*** 1. Эркин трофикалык $V(\cdot)$ функциялар менен убакыт, курактык түзүмүн жана мейкиндикте бөлүнүшүн эске алуу менен өсүмдүктөрдү коргоо процессинин математикалык моделдер комплекси иштелип чыккан жана изилдеген.

2. Эркин трофикалык $V(\cdot)$ функциялар менен убакыт, курактык түзүмүн жана мейкиндикте бөлүнүшүн эске алуу менен өсүмдүктөрдү коргоо процессинин оптимизациялык маселелери изилдеген. Өсүмдүктөрдү коргоо маселесин оптималдуу башкаруу үчүн минимумдун зарыл шарты алынды.

***Численные методы.***

3. Эркин трофикалык $V(\cdot)$ функциялар менен убакыт, курактык түзүмүн жана мейкиндикте бөлүнүшүн эске алуу менен өсүмдүктөрдү коргоонун интегро-дифференциалдык маселелеринин чыгаруунун сандык ыкмалары сунушталды. Өсүмдүктөрдү коргоо процессин айырмалап аппроксимациялоо суроолору каралган.

***Программалар комплекси***. 4. Диссертациялык иштин алкагында эркин трофикалык функцияларда убакыт, курактык курамы жана мейкиндикте бөлүштүрүүсү эске алынган өсүмдүктөрдү коргоо процессин башкаруу үчүн программалар комплекси иштелип чыкты, ал программалар Тажикстан Республикасынын Маданият министрлигинде катталган (илимий, адабий жана көркөм чыгармаларды каттоо жөнүндө Күбөлүк). Моделдик берилиштер менен бир катар эсептөө эксперименттери жүргүзүлдү.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.** Диссертациялык иштин маанилүүлүгү анын натыйжаларын белгилүү бир популяциялар, биологиялык жамааттар жана экологиялык системалар үчүн табигый эксперименттерди жүргүзүү, болжолдоо жана пландоо маселелерин чыгаруу үчүн колдонууда жатат. Сандык эсептөөлөрдүн натыйжалары пахта агроценозу үчүн курт-кумурскалардын санынын сын баалуулуктарын аныктоо чоң практикалык мааниге ээ экенин көрсөтүп турат. Бул иште алынган жыйынтыктардын негизинде пахта агроценозунун экологиялык маалыматтарын кайрадан иштеп чыгуу үчүн эркин трофикалык

функцияларда убакыт, курактык курамы жана мейкиндикте бөлүштүрүүсү эске алынган өсүмдүктөрдү коргоо маселесин чыгаруу үчүн багытталган программалардын комплексин түзүү чоң практикалык мааниге ээ. Эсептөө эксперименттердин натыйжалары Тажикстандын айыл чарба илимдер академиясынын Жер иштетүү институтунун кызматкерлерине андан ары иш жүзүндө пайдалануу үчүн сунуш кылынган.

Ошондой эле, диссертациялык иштин илимий-практикалык мааниси биологиялык популяциянын абалы жөнүндө алынган өзгөрүлмө маалыматтарды өнүктүрүү үчүн жагдайды алдын ала божомолдоону куруу мүмкүнчүлүгүндө жатат. Диссертациялык иштин жыйынтыктарын Таджикстан Республикасынын ЖОЖдорунда "Колдонмо математика" жана "информатика" багыттарында студенттер жана магистрлер үчүн атайын курстарды ("Биологиялык системаларда математикалык моделдөө") окууда, лабораториялык, курстук и магистердик иштерди аткарууда колдонуу божомолдонууда.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык баалуулугу.** Аянтынын 7% ы гана сугат жана айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө ылайыктуу болгон Тажикстан Республикасынын шарттарында чоң маани пахта өндүрүүнүн интенсивдүү факторлоруна бөлүнөт, алардын арасында маанилүү орун өсүмдүктөрдү зыянкечтерден коргоо процессине берилет. Пахта өндүрүшүнүн азыркы шарттарда, анын жогорку биологиялык натыйжалуулугун карабастан, үрөн-пахта түшүмүн жоготуу олуттуу бойдон калууда. Ошондой эле, химиялык ыкманы көп колдонуу бир катар жагымсыз кесепеттерге алып келүү менен коштолуп жатат. Диссертациялык иште алынган жыйынтыктарды айыл чарба зыянкечтеринен түшүмдү коргоо боюнча болжолдоо жана пландаштыруу иштеринде колдонулушу мүмкүн. Мындай изилдөөлөр экономикалык мааниге ээ. Ушул негизде, өсүмдүктөрдү коргоо интегралдык процесстери өнүгүүдө жана ошол эле учурда түшүмдүн өндүрүмдүүлүгү жогорулоодо.

**Коргоого алынып чыккан диссертациянын негизги жоболору.**

1. Эркин трофикалык $V(\cdot)$ функциялар менен убакыт, курак түзүмү жана мейкиндикте бөлүштүрүүсү эске алынган өсүмдүктөрдү коргоо процессинде агроценоз түрлөрүнүн өз ара аракеттерин сүрөттөө үчүн жаңы математикалык сүрөттөөлөр.
2. Эркин трофикалык функцияларда убакыт, курак түзүмү жана мейкиндикте бөлүштүрүүсү эске алынган өсүмдүктөрдү коргоо процесси үчүн математикалык моделдерди изилдөөнүн аналитикалык, болжолдуу сапаттык методдорун өнүктүрү аныкталды.
3. Агроценоздорду зыянкечтерден коргоо процессинин оптималдуу маселесин чыгаруу жана курт-кумурскалардын санынын сын маанилерин табуу негизделди жана киргизилди. Эркин трофикалык $V(\cdot)$ функция учурунда чекиттик моделдер үчүн өсүмдүктөрдү коргоо маселеси каралды.

4. Курт-кумурскалардын убакыт, куракстык түзүмүн эске алуу менен өсүмдүктөрдү коргоо процессинин жаңы математикалык моделдери үчүн чыгаруунун сандык алгоритми келтирилди.
5. Эркин трофикалык функциялар учурунда убакыт, курак түзүмү жана мейкиндикте бөлүштүрүүсү эске алынган өсүмдүктөрдү коргоо процессин чыгарууга багытталган программалардын жыйындысы түзүлдү жана Тажикстан Республикасынын Маданият министрлигинде катталган (илимий, адабий жана көркөм чыгармаларды каттоо жөнүндө Күбөлүк).

**Изденүүчүнүн өздүк салымы**. Диссертациялык иште берилген бардык материалдар жеке автор тарабынан алынган. Талкуулоо жана илимий натыйжаларын жарыялоо чогуу-жазуучулар жана илимий кеңешчи менен ишке ашырылган, бирок, бул изилдөөнүн негизги мазмуну жана коргоого чыкан жоболор аткарылган иште автордун жекече салымын чагылдырат.

**Диссетациянын жыйынтыктарынын апробациясы.** Иштин негизги жоболору жана иштин материалдары 16 эл аралык жана 17 республикалык жыйындарда билдирди жана талкууга алынган: 13-th International Pure Mathematics Conference, Исламабад, 2012; 9-Эл аралык илим жана технология маселелерин компьютердик талдоо боюнча жыйын, Душанбе, 2013; 10-эл аралык илим жана технология маселелерин компьютердик талдоо боюнча жыйын, Душанбе, 2015; С.Б. Стечкидин функциялар теориясы боюнча Эл аралык жайкы математикалык мектеп- конференциясы, Душанбе, 2016; "Математика жана алардын колдонулуштарынын заманбап көйгөйлөрү" Эл аралык илимий конференция, Душанбе, Куляб, 2017; Тажикстан Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 25-жылдыгына арналган "Математика жана анын кошумча тиркемелеринин заманбап маселелери" эл аралык илимий-практикалык жыйын, Душанбе, 2016-ж.; 18-th International Pure Mathematics Conference, Исламабад, 2017; "Тажикстан Республикасынын новатордук өнүктүрүүдө МКТ ролу" эл аралык илимий-практикалык жыйындын материалдары, Душанбе, 17-18-ноябрда 2017;.Тажикстан Республикасынын Илимдер академиясынын академиги, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Илолов Мамадшонун 70 жылдыгына арналган "Математика жана анын колдонулуштарынын заманбап көйгөйлөрү" эл аралык илимий жыйындын материалдары, Душанбе, 14-15 март жана башкалар.

**Басылып чыккан илимий эмгектерде диссертациянын жыйынтыктарынын чыгарылышынын толуктуулугу.** Диссертациянын материалдары боюнча 53 илимий эмгек жарык көргөн, анын ичинде Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан сунушталган журналдарда 4, РФ ЖАК тарабынан сунушталган журналдарда 13 макала басылып чыкты. Бир монография, ЭВМ программаларын мамлекеттик каттоого 4 күбөлүк жана илимий, илимий-теоретикалык жана илимий-методикалык конференциялар жана семинарлардын жыйнактарында 31 докладдардын материалдары.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертация кириш сөздөн, 6 баптан, корутунду жана колдонулган 250 илимий булактардын

тизмесинен, негизги белгилөөлөр тизмесинен турат. Жалпы көлөмү 283беттен туруп, 56 сүрөт, 9 таблица камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** кыскача түрдө диссертациянын темасынын актуалдуулугун негиздөө келтирилген, анын негизинде көйгөйлөр, максат, негизги милдеттери жана коргонуу үчүн негизги жоболору аныкталган. Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү көрсөтүлгөн. Диссертациянын курамы сүрөттөлгөн.

**Биринчи бапта** биологиялык популяциялардын санынын динамикасын математикалык моделдөө, экосистемалар, жамааттар, моделдик популяциялар үчүн убакыт жана мейкиндик байланыштары эске алынган коргоо процесстеринин математикалык моделдерин изилдөө суроолорунун өнүгүү тарыхы жана адабияттарга жалпы баяндама келтирилген.

**Экинчи бапта** изилдөөнүн методдору жана материалдар келтирилген. Таджик Республикасынын биологиялык системаларын (пахта, буудай, күрүч ж.б.) сүрөттөө баяндалган. Азык-түлүк программасын мамлекеттик жөнгө салуунунун натыйжалуулугун жогорулатуу фактору катары Тажикстан Республикасынын агроценоздорунда айыл чарба өсүмдүктөрүнүн (пахта, буудай, күрүч ж.б.) пландаштырылган оруп-жыюу ишитеринин коргоо процесстеринин методдорун, математикалык, компьютердик моделдөө методдорун жана ыкмаларын, ошондой эле колдонмо божомолдоо ыкмаларынын иштеп чыгуу келтирилген.

**Үчүнчү бапта** өсүмдүктөрдү коргоо процессинин математикалык моделдери каралат. Трофикалык байланыштарды вольтеррдик сүрөттөө учурунда жана эркин өз ара жана ички популяциялык аракеттенүүдө куртүкумурскалардын санынын сын маанисин аныктоого ачык математикалык формулалар алынды.

**Үчүнчү баптын 1-бөлүгүндө** популяциялардын саны убакыттан көз каранды болгондо, өсүмдүктөрдү коргоо маселесинин жалпы коюлушу келтирилген.

**Үчүнчү баптын 2-бөлүгүндө** моделдик агроценоз стационардык жана стационардык эмес режимде болгондо өсүмдүктөрдү корогоо маселелеринин чыгарылыштары каралган. Трофикалык байланыштарды аралаш вольтердик жана $V(\cdot)$ функция боюнча баяндоо учурунда курт-кумурскалардын санынын сын маанилерин аныктоо үчүн ачык математикалык формулалар алынды. Салмактуулук режиминдеги моделдик агроценозду карап көрөлү.
Анда тиешелүү трофикалык денгээлге таандык болгон түрлөрдүн жалпы биомассасы (же саны), төмөнкү алгебралык жана дифференциалдык тендемелердин системасын канааттандырат:

$$\begin{cases} Q-\alpha_0 V_0(N_0)N_1=0, \\ k_0\alpha_0 V_0(N_0)-\alpha_1\tilde{N}_2-m_1=0, \quad \tilde{N}_i=\int\limits_{\alpha_i}^{\beta_i} N_i(a)da \\ \dfrac{dN_2}{da}=N_2\left(k_1\alpha_1 N_1-\alpha_2\tilde{N}_3-m_2\right), \quad N_2(0)=\int\limits_0^\infty B_2(a)N_2(a)da, \\ \dfrac{dN_3}{da}=N_3\left(k_2\alpha_2 N_2-\varepsilon N_3-m_3\right), \quad N_3(0)=\int\limits_0^\infty B_3(a)N_3(a)da. \end{cases} \tag{1}$$

Жалпы учурда тиешелүү трофикалык денгээлге таандык болгон түрлөрдүн жалпы биомассасын (же түрлөрдүн санын) төмөнкүчө белгилейбиз $N_i,\, N_i=N_i(t),\, i=0,1,2,3,$ (i=0– ресурс, i=1 – өсүмдүк, i=2 – зыянкечтер, i=2 – пайдалуу курт-кумурскалар, Q– тышкы ресурстун келүү ылдамдыгы, мында $B_i=B_i(.)\geq 0$ зыяндуу жана пайдалуу курт-кумурскалардын туулуу функциясы, $m_i$ - табыгый өлүмдүн орточо коэффициенттери $i=1,2,3;$ $k_i-$ өсүү жана репродуктивдүү алмашууга кетүүчү колдонулган биомассанын үлүшү, $i=0,1,2;$ $\alpha_i-$ трофикалык функциялардын коэффициенттери, $i=0,1,2;$ $\varepsilon-$ пайдалуу курт-кумурскалардын популяциясынын өзүн лимиттөө коэффициенти. Юнуси маселеси сыяктуу коргоо маселесин (1) стационардык моделдик агроценоз termининде түзөлү. Мейли $N_1^p$- биз түшүмдү мындан аз албоону каалаган айыл чарба өсүмдүгүнүн пландалган биомассасынын деңгээлин билдирсин, б.а.

$$N_1\geq N_1^p,\, N_1^p\in[N_1^{min},N_1^{max}], \text{ где } [N_1^{min},N_1^{max}]-const>0.$$

$\tilde{N}_2\leq N_2^p,\ \tilde{N}_3\geq N_3^p$ барабарсыздыгын карайбыз, мында $N_2^p\geq 0,\ N_3^p\geq 0,$ белгисиз параметрлер.

Өсүмдүктөрдү коргоонун стационардык процессинин чыгарылышынын жашоосунун негизги жыйынтыктары болуп төмөнкү бүтүм эсептелет.

**Теорема 3.2.1.** $N_1\geq N_1^p,\ N_1^p\in[N_1^{min},N_1^{max}]$ *шарты орун алуусу үчүн*

$$\begin{cases} V_0(N_0)\leq \dfrac{Q}{\alpha_1 N_1^p}, \\ \tilde{N}_2\leq N_2^p, \quad N_2^p=\dfrac{k_0 Q}{\alpha_1 N_1^p}-\dfrac{m_1}{\alpha_1}, \\ \tilde{N}_3\geq N_3^p, \quad N_3^p=\dfrac{k_1\alpha_1}{\alpha_2}N_1^p-\dfrac{m_2}{\alpha_2}. \end{cases} \tag{2}$$

*барабарсыздыгынын аткарылышы зарыл жана жетиштүү.*

**Далилдөө.** $N_1\geq N_1^p,$ $N_1^p\in[N_1^{min},N_1^{max}],$ (2) барабарсыздыгынын тууралыгын далилдейбиз. (1) системасынын биринчи теңдемесинен $Q-\alpha_0 V_0(N_0)N_1=0$, т.е. $V_0(N_0)\leq\dfrac{Q}{\alpha_0 N_1^p}=\tilde{V}_0$ алабыз.

(1) дин 2–теңдемесинин негизинде

$k_0\alpha_0 V_0(N_0)-\alpha_1\tilde{N}_2-m_1=0,$

$$k_0\alpha_0\frac{Q}{\alpha_0 N_1^p}-\alpha_1\tilde{N}_2-m_1\geq 0\ , \qquad \tilde{N}_2\leq\frac{k_0 Q}{\alpha_1 N_1^p}-\frac{m_1}{\alpha_1}=N_2^p$$

$\tilde{N}_2\leq N_2^p$ алабыз.

Ошентип, (1) системасынын үчүнчү теңдемесинен алабыз:

$$\frac{dN_2}{da} = N_2\left(k_1\alpha_1 N_1 - \alpha_2\tilde{N}_3 - m_2\right).$$

Акыркы теңдеменин эки жагын тең $N_2(a)$ көбөйтүп жана $a$ боюнча интегралдап, алабыз

$$\int_0^\infty N_2(a)\frac{dN_2}{da}da = \int_0^\infty N_2^2(a)da[k_1\alpha_1 N_1 - \alpha_2\tilde{N}_3 - m_2]$$

$$\frac{1}{2}N_2^2(\infty) - \frac{1}{2}N_2^2(0) = \int_0^\infty N_2^2(a)da[k_1\alpha_1 N_1 - \alpha_2\tilde{N}_3 - m_2]$$

$$k_1\alpha_1 N_1 - \alpha_2\tilde{N}_3 - m_2 \le 0, \tilde{N}_3 \ge \frac{k_1\alpha_1}{\alpha_2}N_1^p - \frac{m_2}{\alpha_2} = N_3^p,$$

Мындан

$$\tilde{N}_3 \ge N_3^p$$

$N_3$ баалайбыз

(1) системасынын төртүнчү теңдемесинен алабыз

$$N_3(a) = \frac{N(0)exp\int_0^a A(\xi)d\xi}{1 + \varepsilon N(0)\int_0^a exp(\int_\tau^a A(\xi)d\xi)d\tau} \le N_{max}$$

*мында* $A(a) = k_2\alpha_2 N_2 - m_2.$

Чынында, (1) дин төртүнчү теңдемесинен алабыз

$$\frac{dN_3}{da} = N_3\left(k_1\alpha_2 N_2 - \varepsilon N_3 - m_3\right), \quad A(a) = k_2\alpha_2 N_2 - m_3.$$

$$\frac{dN_3}{da} = N_3 A(a) - \varepsilon N_3^2(a).$$

Акыркы теңдеменин эки жагын тең $-N_3^2(a)$ бөлүп, алабыз

$$-\frac{1}{N_3^2(a)}\cdot\frac{dN_3}{da} = -\frac{A(a)}{N_3(a)} + \varepsilon.$$

Мындан

$$\frac{1}{N_3(a)} = y, \ \frac{dy}{da} = -\frac{1}{N_3^2(a)}\frac{dN_3}{da}$$

белгилөөсүн киргизип, келебиз

$$\frac{dy}{da} = -A(a)y + \varepsilon. \qquad (3)$$

Тиешелүү бир тектүү (3) теңдемесин төмөнкүчө жазабыз

$$\frac{dy}{da}\cdot\frac{1}{y} = -A(a); \quad \frac{d(\ln y)}{da} = -A(a).$$

$a$ боюнча интегралдап

$$\ln y = -\int_0^a A(\xi)d\xi + y_1(0), \quad y(a) = exp(-\int_0^a A(\xi)d\xi)\cdot y_1(0) \qquad (4)$$

алабыз. (4) тү $a$ боюнча дифференцирлеп, алабыз:

$$\frac{dy}{da}=exp(-\int_0^a A(\xi)d\xi)(-A(a))\cdot y_1(0)+exp(-\int_0^a A(\xi)d\xi)y_1'(0).$$

$y$ жана $\frac{dy}{da}$ маанилерин (3) теңдемесине коюп, алабыз:

$$exp(-\int_0^a A(\xi)d\xi)(-A(a))y_1(0)+exp(-\int_0^a A(\xi)d\xi)y_1'(0)=$$

$$=-A(a)exp(-\int_0^a A(\xi)d\xi)\cdot y_1(0)+\varepsilon.$$

$$exp(-\int_0^a A(\xi)d\xi)y_1'(0)=\varepsilon$$

Бул жерден биз төмөнкүнү алабыз

$$y_1'(0)=\frac{\varepsilon}{exp(-\int_0^a A(\xi)d\xi)}=\varepsilon\, exp(\int_0^a A(\xi)d\xi).$$

$a$ боюнча интегралдап

$$y_1(0)=\varepsilon\int_0^a exp(\int_\tau^a A(\xi)d\xi)d\tau+y(0).$$

алабыз. $y_1(0)$ дин табылган маанисин (4) кө коебуз

$$\begin{aligned} y(a)&=exp(-\int_0^a A(\xi)d\xi)(\varepsilon\int_0^a exp(-\int_\tau^a A(\xi)d\xi)d\tau+y(0))= \\ &=y(0)exp(-\int_0^a A(\xi)d\xi)+\varepsilon\, exp(-\int_0^a A(\xi)d\xi)\int_0^a exp(-\int_\tau^a A(\xi)d\xi)d\tau. \end{aligned} \quad (5)$$

$y=\frac{1}{N_3(a)}$ жана $y(0)=\frac{1}{N_3(0)}$ эске алуу менен (5) барабардыгынан алабыз

$$N_3(a)=\frac{N_3(0)exp(\int_0^a A(\xi)d\xi)}{1+\varepsilon N_3(0)\int_0^a exp(\int_\tau^a A(\xi)d\xi)d\tau}.$$

Эми **жетиштүүлүгүн** далилдейбиз. Мейли (2) барабарсыздыгы орун алсын дейли.

$$N_1\geq N_1^p\ ,\ \ N_1^p\in[\frac{m_2}{k_1\alpha_1},\frac{k_0Q}{m_1}].$$

орун алаарын көрсөтөбүз. Чынында эле, (1) дун үчүнчү теңдемесинен

$k_1\alpha_1N_1-\alpha_2\tilde{N}_3-m_2\geq 0$

$k_1\alpha_1(N_1-N_1^p)\geq 0$

$N_1\geq N_1^p$.

Ошондой эле бул бөлүмдө $V(\cdot)$ трофикалык моделдер классында өсүмдүктөрдү коргоонун стационардуу эмес маселеси каралган.

Мейли моделдик агроценоздун абалы төмөнкү теңдемелер аркылуу сүрөттөлсүн

$$\begin{cases} \dfrac{dN_0}{dt} = Q - F_0(N_0, N_1), \\ \dfrac{dN_1}{dt} = N_1 F_1(N_0, N_1, \tilde{N}_2), \\ \dfrac{dN_2}{dt} = N_2 F_2(N_1, N_2, \tilde{N}_3), \\ \dfrac{dN_3}{dt} = N_3 F_3(N_2, N_3), \end{cases} \tag{6}$$

$$\tilde{N}_1(t_k) = \frac{1}{t_k}\int_0^{t_k} N_1(t)dt.$$

(6) моделдик биосистемада түрлөрдүн өз ара аракеттенүүлөрү аралаш вольтеррдик жана $V(\cdot)$ функция боюнча төмөнкү түрдө болсун дейли:

$$\begin{cases} \dfrac{dN_0}{dt} = Q - \alpha_0 V_0(N_0) N_1, \\ \dfrac{dN_1}{dt} = N_1(k_0\alpha_0 V_0(N_0) - \alpha_1 \tilde{N}_2 - m_1), \\ \dfrac{dN_2}{dt} = N_2(k_1\alpha_1 N_1 - \alpha_2 \tilde{N}_3 - m_2), \\ \dfrac{dN_3}{dt} = N_3(k_2\alpha_2 N_2 - \varepsilon N_3 - m_3). \end{cases} \tag{$6^1$}$$

Өсүмдүктөрдү коргоонун стационардык эмес маселесинин чыгарылышынын жашоосунун жыйынтыктарын төмөнкү бүтүм менен түзөбүз.

**Теорема 3.2.2.** $\lim\limits_{t_k\to\infty} \tilde{N}_1(t_k) \geq N_1^p(t_k \to \infty),\ N_1^p \in \left[\dfrac{m_2}{k_1\alpha_1}, \dfrac{k_0 Q}{m_1}\right]$

*шартынын аткарылышы үчүн*

$$\begin{cases} N_0(t) \leq \dfrac{Q}{\alpha_0 N_1^p},\ \ 0 \leq t \leq t_k, \\ \lim\limits_{t_k\to\infty} \tilde{N}_2(t_k) \leq N_2^p,\ \lim\limits_{t_k\to\infty} \tilde{N}_3(t_k) \geq N_3^p, \\ \tilde{N}_i(t_k) = \dfrac{1}{t_k}\int_0^{t_k} N_1(t)dt,\ i = 2{,}3. \end{cases} \tag{7}$$

$$N_2^p = \frac{k_0 Q}{\alpha_1 N_1^p} - \frac{m_1}{\alpha_1},\ \ N_3^p = \frac{k_1\alpha_1}{\alpha_2} N_1^p - \frac{m_2}{\alpha_2}.$$

*барабарсыздыгынын аткарылышы зарыл жана жетиштүү.*

**Үчүнчү баптын 3-бөлүмүндө** эркин трофикалык $V(\cdot)$ функциялар менен өсүмдүктөрдү коргоо маселелерин чыгаруунун математикалык моделдери келтирилген.

Автор тарабынан агроценоздун математикалык модели сунушталды, анда $F_i(\cdot)$ функциясы төмөнкү формулалар аркылуу аныкталат

$$\begin{cases} F_0 = -\alpha_0 N_0 N_1, \\ F_1 = k_0\alpha_0 N_0 - \dfrac{V_1(N_1)}{N_1} N_2 - m_1, \\ F_2 = k_1 V_1(N_1) - \dfrac{V_2(N_2)}{N_2} N_3 - m_2, \\ F_3 = k_2 V_2(N_2) - \varepsilon N_3 - m_3. \end{cases} \tag{8}$$

мында V(.) – трофикалык функция, төмөнкү касиеттерге ээ

$$V(N) \geq 0, \quad \frac{dV(N)}{dN} > 0, \frac{d^2V(N)}{dN^2} \leq 0. \tag{9}$$

Мейли $V = V_i(N_i),\ i = 1{,}2 -$ бир жырткыч бир учурда керектөөчү жабырлануучунун (же биомассанын) саны болсун.

Моделдик агроценоздун абалы (6) системаны аркылуу сүрөттөлөт деп эсептейли.

$V(\cdot)$ моделдин алкагында (6) системасын (8) ге таянып жырткыч–жабырлануучу түрүндөгү мамилеси бар система түрүндө жазууга мүмкүн экенин оңой көрүүгө болот:

$$\begin{cases} \dfrac{dN_0}{dt} = Q - \alpha_0 N_0 N_1, \\ \dfrac{dN_1}{dt} = k_0\alpha_0 N_0 N_1 - V_1(N_1)N_2 - m_1 N_1, \\ \dfrac{dN_2}{dt} = k_1 V_1(N_1)N_2 - V_2(N_2)N_3 - m_2 N_2, \\ \dfrac{dN_3}{dt} = k_2 V_2(N_2)N_3 - \varepsilon N_3^2 - m_3 N_3. \end{cases} \tag{10}$$

Кийинки теорема 3.3.2. – эркин трофикалык *V(.)* функциялар менен өсүмдүктөрдү коргоо маселесинин чыгарылышынын жашашынын бүтүмү.

**Теорема 3.3.2.** $V_i(\cdot) \geq 0, \dfrac{dV_i}{dN} > 0,\ \dfrac{d^2V_i}{dN^2} \leq 0,\ 0 < min_{0\leq t\leq\tau} \dfrac{V_1(N_1(t))}{N_1(t)} = \overline{\alpha}_1 < \infty$

*жана* $0 < max_{0\leq t\leq\tau} \dfrac{V_2(N_2(t))}{N_2(t)} = \overline{\alpha}_2 < \infty,\ \overline{\alpha}_1, \overline{\alpha}_2 = const$ *учурунда*

$N_1^\tau \geq N_1^P,\ N_1^P \in [N_1^{\min}, N_1^{\max}]$ *шарты аткарылышы үчүн*

$$\begin{cases} N_0(t) \leq \dfrac{Q}{\alpha_0 N_1^P}, \\ N_2^\tau \leq N_2^P,\ N_2^P = \dfrac{k_0 Q}{\overline{\alpha}_1 N_1^P} - \dfrac{m_1}{\overline{\alpha}_1} - \dfrac{1}{\overline{\alpha}_1\tau} ln\dfrac{N_1(\tau)}{N_1(0)}, \\ N_3^\tau \geq N_3^P,\ N_3^P = \dfrac{k_1\overline{\alpha}_1}{\overline{\alpha}_2} N_1^P - \dfrac{m_2}{\overline{\alpha}_2} - \dfrac{1}{\overline{\alpha}_2\tau} ln\dfrac{N_2(\tau)}{N_2(0)}. \end{cases} \tag{11}$$

*барабарсыздыгы аткарылышы зарыл жана жетиштүү.*

**Зарылдык.** Мейли $N_1^\tau \geq N_1^P,\quad N_1^P \in [N_1^{min}, N_1^{max}]$ шарты орун алат дейли. (11) барабарсыздыгы туура экенин далилдейбиз. (10) дун 1-теңдемесинен:

$$\frac{dN_0}{dt} = Q - \alpha_0 N_0 N_0$$

$$N_0(t)=N_0(0)exp(-\alpha_0\int_0^{\tau}N_1(\xi)d\xi)+Q\int_0^{t}exp(-\alpha_0\int_{\tau}^{t}N_1(\xi)d\xi)d\tau\le$$

$$\le\left[N_0(0)-\frac{Q}{\alpha_0N_0^p}\right]exp(-\alpha_0N_1^t)+\frac{Q}{\alpha_0N_0^p}\le\frac{Q}{\alpha_0N_0^p}.$$

(10) дун 2-теңдемесинен:

$$\frac{dN_1}{dt}=k_0\alpha_0N_0N_1-V_1(N_1)N_2-m_1N_1,$$

$$\frac{d(ln\,N_1)}{dt}=k_0\alpha_0N_0-\frac{V_1(N_1)}{N_1}N_2-m_1,$$

$$\frac{V_1(N_1)}{N_1}N_2=k_0\alpha_0N_0-m_1-\frac{d(ln\,N_1)}{dt}$$

жана

$$\frac{V_1(N_1)}{N_1}N_2=\frac{k_0Q}{N_1^p}-m_1-\frac{d(ln\,N_1)}{dt}$$

Акыркы барабардыкты $0$ дөн $\tau$ чейин интегралдап:

$$\frac{1}{\tau}\int_0^{\tau}\frac{V_1(N_1(t))}{N_1(t)}N_2(t)dt=\frac{k_0Q}{N_1^p}-m_1-\frac{1}{\tau}ln\frac{N_1(\tau)}{N_1(0)},$$

б.а.

$$0<\min_{0\le t\le\tau}\int_0^{\tau}\frac{V_1(N_1(t))}{N_1(t)}N_2^{\tau}\le\frac{k_0Q}{N_1^p}-m_1-\frac{1}{\tau}ln\frac{N_1(\tau)}{N_1(0)},$$

$$0<\min_{0\le t\le\tau}\frac{V_1(N_1(t))}{N_1(t)}=\overline{\alpha}_1<\infty \text{ болгондуктан}$$

$$N_2^{\tau}\le\frac{k_0Q}{\overline{\alpha}_1N_1^p}-\frac{m_1}{\overline{\alpha}_1}-\frac{1}{\overline{\alpha}_1\tau}ln\frac{N_1(\tau)}{N_1(0)}=N_2^p,$$

$$N_2^{\tau}\le N_2^p$$

(10) дун 3-теңдемесинин негизинде, алабыз:

$$\frac{dN_2}{dt}=k_1V_1(N_1)N_2-V_2(N_2)N_3-m_2N_2$$

б.а.

$$\frac{d(ln(N_2))}{dt}=k_1V_1(N_1)-m_2-\frac{V_2(N_2)N_3}{N_2},$$

акыркы теңдемени $0$ дөн $\tau$ чейин интегралдап:

$$\frac{1}{\tau}\int_0^{\tau}\frac{V_2(N_2(t))}{N_2(t)}N_3(t)dt=k_1\overline{\alpha}_1N_1^p-m_2-\frac{1}{\tau}ln\frac{N_2(\tau)}{N_2(0)},$$

$$0<\max_{0\le t\le\tau}\frac{V_2(N_2(t))}{N_2(t)}N_3^{\tau}\ge k_1\overline{\alpha}_1N_1^p-m_1-\frac{1}{\tau}ln\frac{N_2(\tau)}{N_2(0)}.$$

$$0<\max_{0\le t\le\tau}\frac{V_2(N_2(t))}{N_2(t)}=\overline{\alpha}_2<\infty, \quad \text{болгондуктан, анда}$$

$$N_3^{\tau}\ge\frac{k_1\overline{\alpha}_1}{\overline{\alpha}_2}N_1^p-\frac{m_2}{\overline{\alpha}_2}-\frac{1}{\tau\overline{\alpha}_2}ln\frac{N_2(\tau)}{N_2(0)}=N_3^p,$$

$$N_3^{\tau}\ge N_3^p.$$

**Жетишээрлиги.** Мейли (11) барабарсыздыгы аткарылсын. $N_1^\tau \ge N_1^p,\quad N_1^p \in \left[N_1^{min}, N_1^{max}\right]$ экендигин көрсөтөбүз. (10) дун биринчи теңдемесинен алабыз:

$$\frac{dN_0}{dt} = Q - \alpha_0 N_0 N_1 \ge Q - \alpha_0 N_1 \frac{Q}{\alpha_0 N_1^p},$$

$$\frac{Q}{N_1^p} N_1 \ge Q - \frac{dN_0}{dt},$$

t боюнча 0 дөн $\tau$га чейин интегралдайбыз:

$$\frac{QN_1^\tau}{N_1^p} \ge Q + \frac{1}{\tau}\left[N_0(0) - N_0(\tau)\right] \ge Q + \frac{1}{\tau}\left[N_0(0) - \frac{Q}{\alpha_0 N_1^p}\right] = Q,$$

мындан $N_1^\tau \ge N_1^p$. $N_2^p$ жана $N_3^p$ терс эмес болгондуктан

$N_1^p \in \left[N_1^{min}\ ,\ N_1^{max}\right]$ орун алат.

**Төртүнчү бапта** курактык түзүмүн жана мейкиндикте таралуусун эске алуу менен өсүмдүктөрдү коргоонун сызыктуу эмес маселелерин изилдөө келтирилген. "Зыянкечтер, пайдалуу курт-кумурскалар" системасы үчүн интегро-дифференциалдык моделдер изилденет жана өсүмдүктөрдү коргоо процессинин жашоосунун зарыл жана жетишерлик болгон шарттары алынган.

**Төртүнчү баптын 1- бөлүмүндө** $V(N)$ моделдер классында курт-кумурскалардын курактык түзүмүн эске алуу менен өсүмдүктөрдү коргоо маселесинин чыгарылышы келтирилген.

Бул бөлүмдүн негизги жыйынтыгы болуп төмөнкү теорема саналат.

**Теорема 4.1.1.** $V_i(\cdot) \ge 0,\ \frac{dV_i}{dN} > 0,\ \frac{d^2V_i}{dN^2} \le 0$ *жана*

$$0 < \min_{\substack{0\le a<\infty \\ 0\le t\le\tau}} \frac{V_1(N_1(t))}{N_1(t)} = \overline{\alpha}_1 < \infty,\quad 0 < \max_{\substack{0\le a<\infty \\ 0\le t\le\tau}} \frac{V_2(N_2(a,t))}{N_2(a,t)} = \overline{\alpha}_2 < \infty\ ,\ \overline{\alpha}_1 \cdot \overline{\alpha}_2 = const,\ i = 1,2$$

*болгондо*

$$\frac{1}{\tau}\int_0^\tau N_1(t)dt \ge N_1^p,\quad N_1^p \in \left[N_1^{min},\ N_1^{max}\right] \tag{12}$$

*шарты орун алышы үчүн төмөнкү барабарсыздыктын аткарылышы зарыл жана жетиштүү:*

$$\begin{cases} N_0(t) \le \dfrac{Q}{\alpha_0 N_1^p}, \quad 0 \le t \le \tau, \\ \dfrac{1}{\tau}\displaystyle\int_0^\tau \tilde{N}_2(t)dt \le N_2^p, \\ \dfrac{1}{\tau}\displaystyle\int_0^\tau \tilde{N}_3(t)dt \ge N_3^p. \end{cases} \tag{13}$$

*мында* $N_1^{min}=\frac{m_2}{k_1\overline{\alpha}_1}+\frac{1}{\overline{\alpha}_2\tau}\max_a ln\frac{N_2(a,\tau)}{N_2(a,0)}$, $N_1^{max}=\frac{k_0Q}{m_1\frac{\overline{\alpha}_1}{\tau}ln\frac{N_1(\tau)}{N_1(0)}}$.

$$N_2^p=\frac{k_0Q}{\overline{\alpha}_1N_1^p}-\frac{m_1}{\overline{\alpha}_1}-\frac{1}{\overline{\alpha}_1\tau}ln\frac{N_1(\tau)}{N_1(0)},\qquad N_3^p=\frac{k_1\overline{\alpha}_1}{\overline{\alpha}_2}N_1^p-\frac{m_2}{\overline{\alpha}_2}-\frac{1}{\overline{\alpha}_2\tau}\max_a ln\frac{N_2(a,\tau)}{N_2(a,0)}.$$

**Төртүнчү баптын экинчи бөлүмүндө** "агро-өсүмдүк, өсүмдүктөрдүн зыянкечтери, жырткыч жана зыянкечтердин мителери" түрүндөгү үч трофикалык деңгээлдеги моделдик биосистема каралган. Курт-кумурскалардын курактык структурасын эске алуу менен өсүмдүктөрдү коргоо маселесинин чыгарылышынын жашоосунун зарыл жана жетишерлик болгон шарттары жөнүндө теорема далилденди. Моделдик агроценоздун абалы төмөнкү теңдемелер менен сүрөттөлөт деп болжолдойлу:

$$\begin{cases}\frac{dN_0}{dt}=Q+F_0(N_0,N_1),\\ \frac{dN_1}{dt}=N_1F_1(N_0,N_1,\tilde{N}_2),\\ \frac{\partial N_2}{\partial t}+\frac{\partial N_2}{\partial a}=N_2F_2(N_1,N_2,\tilde{N}_3),\quad N_2|_{t=0}=N_2^0(a),\\ \frac{\partial N_3}{\partial t}+\frac{\partial N_3}{\partial a}=N_3F_3(N_2,N_3),\qquad N_3|_{t=0}=N_3^0(a),\\ N_2(0,t)=\int_0^\infty B_2(\xi,t,N_1)N_2(\xi,t)d\xi,\ 0<t<t_k,\ 0<a<\infty,\\ N_3(0,t)=\int_0^\infty B_3(\xi,t,\tilde{N}_2)N_3(\xi,t)d\xi,\end{cases}\tag{14}$$

Төртүнчү баптын экинчи бөлүмүнүн негизги жыйынтыктарын жазып көрөлү.

**Теорема 4.2.1.** $t_k\to\infty$ *болгондо*

$$\lim_{t_k\to\infty}\tilde{N}_1(t_k)=\lim_{t_k\to\infty}\frac{1}{t_k}\int_0^{t_k}N_1(t)dt\ge N_1^p,\ \ N_1^p\in\left[N_1^{min},\ N_1^{max}\right]$$

*орун алышы үчүн төмөнкү барабарсыздыктын аткарылышы зарыл жана жетиштүү:*

$$\begin{cases}N_0(t)\le\frac{Q}{\alpha_0N_1^p},\qquad 0\le t\le t_k,\\ \lim_{t_k\to\infty}\tilde{N}_2(t_k)=\lim_{t_k\to\infty}\frac{1}{t_k}\int_0^{t_k}\tilde{N}_2(t)dt\le N_2^p,\\ \lim_{t_k\to\infty}\tilde{N}_3(t_k)=\lim_{t_k\to\infty}\frac{1}{t_k}\int_0^{t_k}\tilde{N}_3(t)dt\ge N_3^p.\end{cases}\tag{15}$$

$$N_2^p=\frac{k_0Q}{\alpha_1N_1^p}-\frac{m_1}{\alpha_1}-\frac{1}{\alpha_1t_k}\ln\frac{N_1(t_k)}{N_1(0)},\quad N_3^p=\frac{k_1\alpha_1}{\alpha_2}N_1^p-\frac{m_2}{\alpha_2}-\frac{1}{\alpha_2t_k}\max_a\ln\frac{N_2(a,t_k)}{N_2(a,0)}.$$

**3-бөлүк** эркин трофикалык функциялар учурда мейкиндикте таралуусу эске алынган өсүмдүктөрдү коргоо процессинин жашоосунун зарыл жана жетишерлик болгон шарттарды алууга арналган.

Мейкиндикте бөлүштүрүүсү эске алынган "өсүмдүк" - "зыянкечтер" - "пайдалуу курт-кумурскалар" түрүнөгү үч трофикалык деңгээлге ээ болгон агроценоздун математикалык моделин төмөнкү түрдө карайбыз:

$$\begin{cases} \dfrac{dN_0}{dt} = Q - \alpha_0 N_0 N_1, \\ \dfrac{dN_1}{dt} = N_1 ( k_0 \alpha_0 N_0 - \dfrac{V_1(N_1)}{N_1} \tilde{N}_3 - m_2 ) \\ \dfrac{\partial N_2}{\partial t} + \dfrac{\partial N_2}{\partial a} + \dfrac{\partial N_2}{\partial x} = N_2 ( k_1 V_1(N_1) - \dfrac{V_2(N_2)}{N_2} \tilde{N}_3 - m_2 ) \\ \dfrac{\partial N_3}{\partial t} + \dfrac{\partial N_3}{\partial a} + \dfrac{\partial N_3}{\partial x} = N_3 ( k_2 V_2(N_2) - \varepsilon N_3 - m_3 ), \end{cases} \tag{16}$$

баштапкы жана чектик шарттары:

$$N_i(x,a,0) = N_i^0(x,a), \quad x \in \overline{G}, \; 0 \le a < \infty, \; i = 2,3$$

$$N_2(x,0,t) = \int_0^\infty B_2(\xi,t,N_1) N_2(x,\xi,t)dt, \qquad N_i|_s = 0, \qquad i = 2,3.$$

$$N_3(x,0,t) = \int_0^\infty B_3(\xi,t,\tilde{N}_2) N_3(x,\xi,t)dt, \quad 0 \le t \le \tau.$$

Мейли трофикалык функция төмөнкү касиетке ээ болсун

$$V_i(\cdot) \ge 0, \; \frac{dV_i}{dN} > 0, \; \frac{d^2V_i}{dN^2} \le 0.$$

Төртүнчү баптын үчүнчү бөлүмүнүн башкы натыйжасы болуп төмөнкү теорема саналат.

**Теорема 4.3.1.** $\dfrac{1}{\tau}\int_0^\tau N_1(t)dt \ge N_1^p, \quad N_1^p \in [N_1^{min}, \; N_1^{max}]$ *жана*

$$0 < \min_t \frac{V_1(N_1(t))}{N_1(t)} = \overline{\alpha}_1 < \infty, \; 0 < \max_a \frac{V_2(N_2(a,t))}{N_2(a,t)} = \overline{\alpha}_2 < \infty \;, \; \overline{\alpha}_1 \cdot \overline{\alpha}_2 = const, \; i = 1,2.$$

*шарттарынын аткарылышы үчүн төмөнкү барабарсыздыктын аткарылышы зарыл жана жетиштүү*

$$\begin{cases} N_0(t) \le \dfrac{Q}{\alpha_0 N_1^p}, \quad 0 \le t \le \tau, \\ \dfrac{1}{\tau}\displaystyle\int_0^\tau \tilde{N}_2(t)dt \le N_2^p, \\ \dfrac{1}{\tau}\displaystyle\int_0^\tau \tilde{N}_3(t)dt \ge N_3^p, \end{cases} \tag{17}$$

мында $N_2^p = \dfrac{k_0 Q}{\overline{\alpha}_1 N_1^p} - \dfrac{m_1}{\overline{\alpha}_1} - \dfrac{1}{\overline{\alpha}_1 \tau} ln \dfrac{N_1(\tau)}{N_1(0)}, \qquad N_3^p = \dfrac{k_1 \vec{\alpha}_1}{\vec{\alpha}_2} N_1^p - \dfrac{m_2}{\overline{\alpha}_2} - \dfrac{1}{\overline{\alpha}_2 \tau} \max_x ln \dfrac{N_2(x,a,\tau)}{N_2(a,0)}.$

Төртүнчү баптын **4-бөлүмүндө** курактык курамын жана мейкиндик боюнча бөлүштүрүүсүн эске алуу менен, "пайдалуу курт-кумурскалар -

зыянкечтер" түрүндөгү система менен байланышкан бир сызыктуу эмес маселенин чыгарылышы изилденет.

Анда модель системасы төмөнкү түргө ээ:

$$\begin{cases} \dfrac{\partial M_1}{\partial t}+\dfrac{\partial M_1}{\partial a}+\sum\limits_{j=1}^{2}V_{1j}\dfrac{\partial M_1}{\partial x_i}=-F_1(a,t)M_1(x,a,t)- \\ -\int\limits_0^{\infty}V(M_1(x,a,t),\xi)M_2(x,\xi,t)d\xi+\sum\limits_{j=1}^{2}d_{1j}\dfrac{\partial^2 M_1}{\partial x_i^2} \\ \dfrac{\partial M_2}{\partial t}+\dfrac{\partial M_2}{\partial a}+\sum\limits_{j=1}^{2}V_{2j}\dfrac{\partial M_2}{\partial x_i}=-F_2(a,t)M_2(x,a,t)+\sum\limits_{j=1}^{2}d_{2j}\dfrac{\partial^2 M_2}{\partial x_i^2}, \\ 0<t<t_k,\ 0<a<\infty,\ \ x\in G, \\ M_i\big|_{t=0}M_i^0(x,a),\ \ 0\le a<\infty,\ \ i=1,2,.... \\ \dfrac{\partial M}{\partial x_i}-\alpha M\big|_{x_i=L_i}=0,\quad где \\ M_1(x,0,t)=\int\limits_0^{\infty}B(a,t)M_1(x,a,t),\quad 0<t<t_k, \\ M_2(x,0,t)=\int\limits_0^{\infty}\int\limits_0^{\infty}K(a,\xi,t)V(M_1(x,a,t),\xi)M_2(x,\xi,t)d\xi da,\ x\in\overline{G}, \end{cases} \tag{18}$$

$M_i=M_1(x,a,t), i=1,2-$ тиешелүү түрдө жабыркагандар жана жырткычтар саны, $F_1(a,t)-$ өлүмгө учурашынын коэффициенти $i=1,2,\ B(a,t)-$ жабырлануучулардын туулушунун коэффициенти, $V(\cdot)-$трофикалык функция, $K(\cdot)-$сиңирүү коэффициенти, $V_{ij}-$ жылышуу ылдамдыгы, $d_{ij}-$ диффузия коэффициенттери, $\overline{G}=G+S,\ G=\{(x_1x_2)^\wedge 0<x_i<L_i,\ i=1,2\}$, S- G областынын чеги.

Белгилөө киргизебиз

$N_i=max_x M_i(x,a,t), i=1,2$ *жана* $n_i=min_x M_i(x,a,t), i=1,2$.

Анда (18) ден алабыз

$$\begin{cases} \dfrac{\partial N_1}{\partial t}+\dfrac{\partial N_1}{\partial a}\le -F_1(a,t)N_1(a,t)-\int_0^{\infty}V(N_1(a,t),\xi)N_2(\xi,t)d\xi \\ \dfrac{\partial N_2}{\partial t}+\dfrac{\partial N_2}{\partial a}\le -F_2(a,t)N_2(a,t),0<t<t_k<0<a<\infty \\ N_i\big|_{t=0}=N_i^0(a),0\le a<\infty, i=1,2\cdots \\ N_1(0,t)=\int\limits_0^{\infty}B(a,t)N_1(a,t)da,0<t<t_k, \\ N_2(0,t)=\int\limits_0^{\infty}\int\limits_0^{\infty}K(a,\xi,t)V(N_1(a,t),\xi)N_2(x,\xi,t)d\xi da, \end{cases} \tag{19}$$

$$\begin{cases} \frac{\partial n_1}{dt}+\frac{\partial n_1}{da} \geq -F_1(a,t)n_1(a,t)-\int_0^{\infty} V(n_1(a,t),\xi)n_2(\xi,t)d\xi \\ \frac{\partial n_2}{\partial t}+\frac{\partial n_2}{\partial a} \geq -F_2(a,t)n_2(a,t), 0<t<t_k, 0<a<\infty \\ n_i\big|_{t=0}=n_i^0(a), 0\leq a<\infty, i=1,2,\cdots \\ n_1(0,t)=\int_0^{\infty} B(a,t)n_1(a,t)da, 0<t<t_k, \\ n_2(0,t)=\int_0^{\infty}\int_0^{\infty} K(a,\xi,t)V(n_1(a,t),\xi)n_2(x,\xi,t)d\xi da, \end{cases} \quad (20)$$

Эми (19 ), (20 ) маселесин баштапкы теңдемеде барабардык жетишкен учурда карайбыз, б.а.

$$\begin{cases} \frac{\partial N_1}{\partial t}+\frac{\partial N_1}{\partial a} \leq -F_1(a,t)N_1(a,t)-\int_0^{\infty} V(N_1(a,t),\xi)N_2(\xi,t)d\xi \\ \frac{\partial N_2}{\partial t}+\frac{\partial N_2}{\partial a} \leq -F_2(a,t)N_2(a,t), 0<t<t_{k,} 0,<a<\infty \\ N_i\big|_{t=0}=N_i^0(a), 0\leq a\leq\infty, i=1,2,\ldots \\ N_1(0,t)=\int_0^{\infty} B(a,t)N_1(a,t)da, 0<t<t_k, \\ N_2(0,t)=\int_0^{\infty}\int_0^{\infty} K(a,\xi,t)V(N_1(a,t),\xi)N_2(x,\xi,t)d\xi da, \end{cases} \quad (21)$$

**Теорема 4.4.1.** *Мейли* $V(N_1,\xi)=V(\xi)N_1$, $V(\cdot),F_i(\cdot),B(a,t),N_t^0(\cdot),K(\cdot)$ *функциялар – берилген аргументтерден көз каранды жана алар бөлүк-үзгүлтүксүз, ошондой эле* $a$ *параметри боюнча чектелген функциялар. Анда (21) маселеси жалгыз жашайт жана ал удаалаш жакындаштыруу методу менен алынат. Бул чыгарылыш (19) маселе үчүн максималдык, (20) маселе үчүн минималдык болуп эсептелет.*

**Бешинчи бап** оптималдык башкаруу маселелерине арналган. Оптималдаштыруу маселеси өзүнө зыянкечтер тарабынан өсүмдүктөргө келтирилген зыяндын же зыянкечтердин санын минималдаштыруу шарттарын биологиялык жана химиялык башкарууну аныктоо процесстерин камтыйт. Бул жагынан алып караганда, бул баптын **1-бөлүмүндө** пайдалуу жана зыянкеч курт-кумурскалардын эркин $V(\cdot)$трофикалык функциялары менен жана убакыт-курактык түзүмүн, мейкиндикте таралышын эске алуу менен үч трофикалык денгээлдеги экосистемаларды оптималдуу башкаруу маселелеринин жалпы коюлушу келтирилет.

Оптималдаштыруу маселеси төмөнкүчө коюлат.

$$I(u)=\int_0^{t_k}\int_0^{\infty}\int_G f^0(N,u)dxdadt+\int_0^{\infty}\int_G \varphi(N,u)\big|_{t_k} dxda \quad (22)$$

функционалынын

$$
\begin{cases}
\dfrac{dN_0}{dt} = Q - \alpha_0 N_0 N_1, \\
\dfrac{dN_1}{dt} = k_0 \alpha_0 N_0 N_1 - V_1(N_1)N_2 - m_1 N_1, \\
\dfrac{dN_2}{dt} + \dfrac{dN_2}{da} + \sum_{i=1}^{2} \vartheta_{i2} \dfrac{dN_2}{dx_i} = k_1 V_1(N_1)N_2 - V_2(N_2)N_3 - \\
- m_2 N_2 + \sum_{i=1}^{2} d_{i2} \dfrac{\partial^2 N_2}{\partial x_i^2} - \mu(D)N_2. \\
\dfrac{dN_3}{dt} + \dfrac{dN_3}{da} + \sum_{i=1}^{2} \vartheta_{i3} \dfrac{dN_3}{dx_i} = k_2 V_2(N_2)N_3 - \varepsilon N_3^2 - m_3 N_3 + \\
+ \sum_{i=1}^{2} d_{i3} \dfrac{\partial^2 N_3}{\partial x_i^2} - \alpha\mu(D)N_3 + PN_3, \\
x \in G, \quad 0 < a < \infty, \quad 0 < t \le t_k.
\end{cases} \qquad (23)
$$

шарттарында минималдуу маанисин табуу.

**2-бөлүмдө** зыяндуу жана пайдалуу курт-кумурскалардын курактык түзүмүн эске алуу менен өсүмдүктөрдү коргоо процессинин оптималдуу башкаруу маселеси каралган.

Математикалык жактан бул маселе төмөнкүдөй түзүлөт.

$$
I(u) = \int_0^{t_k} \int_0^{\infty} f^0(a,N,u)\,da\,dt + \int_0^{\infty} f^1(a,N_2,u)\Big|_{t_k} da \qquad (24)
$$

функционалынын төмөнкү чектөөлөр учурунда минималдуу маанисин табуу:

$$
\begin{cases}
\partial_{ta} N = F(N,a,t,u_0), \ 0 < a < \infty, \ 0 < t < t_k \\
N(a,0) = N_0(a), \ 0 \le a < \infty \\
N(0,t) = \int_0^{\infty} B(N(\xi,t),\xi,t,u_i)\,d\xi, \ 0 \le t \le t_k
\end{cases} \qquad (25)
$$

мында $f^0(.), f^1(.), F(.), N_0(.), B(.)$ - берилген аргументтерден жетиштүү жылмакай функциялар, $u = (u_0, u_1), u_0(Q,P,D), u \in U, U$ - жетишээрлик көптүк, б.а. чектелген жана бөлүк- үзгүлтүксүз функциялардын көптүгү

$$
U = \left\{ u : \begin{matrix} 0 \le u(t) \le u_{max} \\ u = u(t).\ к.н. \end{matrix}, u_{max} = \left\{ Q_{max}, P_{max}, D_{max}, \bar{u} \right\} \right\}
$$

жана, мындан тышкары

$N = (N_0, N_1, N_2, N_3), \quad N_i = N_i = (a,t), i = 2,3,$

$F = (Q + F_0, N_1F_1, N_2F_2 - \mu(D)N_2, N_3F_3 - \alpha\mu(D)N_3 + PN_3),$

$B = (b_0(a), b_1(a), B_1(N), B_2(N)),$

жана

$\int_0^{\infty} b_i(a)\,da = 0, \ i = 0,1.$

Өсүмдүктөрдү зыянкечтерден коргоо процессин оптималдуу башкаруунун чыгарылышы үчүн төмөнкү теорема орун алат.

**Теорема 5.2.1.** *Мейли* $u^* = u^*(t) \in U$ *(24),(25) маселеси оптималдуу башкаруу жана* $f^0(.), f^1(.), F(.), N_0(.), B(.)$ *функциялар болсун жана ар кандай* $u \in U$ *үчүн (25) маселеси жалгыз чыгарылышка ээ болсун. Анда бардык* $u \in U$ *үчүн төмөнкү барабарсыздыктын аткарылышы зарыл*

$$\int_0^{t_k}\int_0^{\infty}\left\{\left[\frac{\partial f^0}{\partial u_0}+\left(\frac{\partial F}{\partial u_0}\right)^*\psi\right](u_0-u_0^*)+\left[\frac{\partial f^0}{\partial u_1}+\left(\frac{\partial F}{\partial u_1}\right)^*\psi\big|_{a=0}\right](u_1-u_1^*)\right\}dadt \geq 0 \qquad (26)$$

*Бул жерде* $\psi = \psi(a,t)$

$$\begin{cases} (\partial_{ta})^*\psi = -\dfrac{\partial H}{\partial N}, \\ \psi(a,t_k) = -\dfrac{\partial f^1}{\partial N}\Big|_{t_k}, \ \psi(\infty,t) = 0 \end{cases} \qquad (27)$$

*түйүндөш системасынын чыларылышы,*
*мында* $H(.) = (F,\phi) + (B,\psi|_{a=0}) - f^0(.)$.

*Белгилей кетчү нерсе* $(\partial_{ta}) = -(\partial_{ta})^*$.

(24) функционал биздин каалоолор боюнча өсүмдүктөргө келтирилген зыян, же чыгым, же болбосо зыянкечтердин жалпы санын мүнөздөй тургандыгын белгилей кетели.

**Бешинчи баптын 3-бөлүмүндө** куރактык курамын жана мейкиндик боюнча бөлүштүрүүнү эске алуу менен, коргоо маселелер процессин оптималдаштыруу сунушталат. Маселени оптималдуу башкаруу үчүн минимумдун зарыл шарты алынды.

Ушул баптын **4-бөлүмүндө** үч трофикалык деңгээлдеги биосистемалардын зыянкечтери менен күрөшүүнүн комплекстүү методунун оптималдаштыруу модели каралган.

Биз өсүмдүктөрдү коргоону оптималдаштыруу маселесин төмөнкүдөй жазабыз.

$$I(u) = \int_0^{t_k} f^0(N_1, N_2, N_3, u)dt + \varphi(N_1, N_2, N_3, u) \qquad (28)$$

функционалынын төмөнкү шарттарда минималдуу маанисин табуу:

$$\begin{cases} \dfrac{dN_0}{dt} = Q - F_0(N_0, N_1), \\ \dfrac{dN_1}{dt} = N_1 F_1(N_0, N_1, \tilde{N}_2). \\ \dfrac{dN_2}{dt} = N_2 F_2(N_1, N_2, \tilde{N}_3) - \mu(D)N_2, \\ \dfrac{dN_3}{dt} = N_3 F_3(N_2, N_3) - \alpha\mu(D)N_3 + PN_3, \end{cases} \qquad (29)$$

$$\frac{\partial F_i}{\partial N_i} \le 0, \; \frac{\partial F_i}{\partial N_j} = \begin{cases} \le 0, i < j, i = \overline{0,3} \\ \ge 0, \; i > j, \; j = \overline{0,3} \end{cases}, \tag{30}$$

$$F_i(\cdot) \ge 0, \; \varphi(\cdot) \ge 0, \; f^0(\cdot) \ge 0,$$

5.4 бөлүмүнүн башкы натыйжаларынын бири төмөнкүдөй.

**Теорема 5.4.1.** М*ейли (30) шарттары жана*

$$f^0(\cdot) = CN_2 + C_P PN_3 + C_D D + Q,$$

$$\varphi(\cdot) = CN_2 \; + C_P PN_3 + C_D D + Q,$$

*орун алсын, анда (28), (29) маселесин оптималдуу башкаруу төмөнкү катыштар менен мүнөздөлөт:*

$$\begin{cases} Q^* = \begin{cases} Q_{max}, \psi_0 > 1 \\ 0, \; \psi_0 < 1 \end{cases}, \quad P^* = \begin{cases} P_{max}, \; \psi_3 > C_P \\ 0, \; \psi_3 < C_P \end{cases}, \\ D^* = \begin{cases} D_{max}, \; C_D + \psi_2 N_2 + \alpha\psi_3 N_3 < 0 \\ 0, C_D + \psi_2 N_2 + \alpha\psi_3 N_3 > 0, \; \mu(D) \equiv D \\ -\mu_0 + \sqrt{-\frac{\mu_0\mu_1}{C_D}\left(+\psi_2 N_2 + \alpha\psi_3 N_3\right)}, \; \psi_2 N_2 + \alpha\psi_3 N_3 < 0, \mu(D) = \frac{\mu_1 D}{\mu_0 + D}, \end{cases} \end{cases} \tag{31}$$

*мында* $\mu_0, \mu_1, Q_{max}, P_{max}, C, C_P, C_D$ – *берилген оң сандар, (* $C, C_P, C_D$ – *тиешелүү түрдө зыянкечтердин биомассасынын бирдигинин наркы, биологиялык жана химиялык күрөшүү методдорунун чыгымдары),* $\psi_i = \psi_i(t)$ – *(27) ге тутумдаш маселенин чыгарылышы i=0,1,2,3.*

**Теорема 5.4.2.** *Мейли* $N^* = \left(N_0^*, N_1^*, N_2^*, N_3^*\right)$ – *(29)системасынын стационардык чыгарылышы болсун, анда (29) маселесинин жакындаштырылган чыгарылышын төмөнкүчө жазсак болот*

$$N(t) \approx N^* + \left(N^0 - N^*\right)\sum_{i=0}^{3} \frac{e^{A \cdot t}}{\prod_{i \ne j}\left(\lambda_j - \lambda_i\right)} \prod_{i \ne j}\left(A_0 - \lambda_i I\right), \tag{32}$$

*мында* $\lambda_i$ – $A_0 = \left(a_{ij}\right), \; i = \overline{0,3}; \; j = \overline{0,3}, \; N^0 = N(0)$*.матрицасынын өздүк маанилер.*

Чекиттик моделдер үчүн өсүмдүктөрдү коргоону оптималдаштыруу маселесинин чыгарылышы удаалаш жакындаштыруу методу менен берилет.

**Бешинчи баптын 5-бөлүмүндө** эркин $V(.)$ трофикалык функциясы менен агроценоз өсүмдүктөрүн коргоо процессинин зыяндуу курт-кумурскалар жана пайдалуу курт-кумурскалар (жырткыч, мите) жашоосунун оптималдаштыруу математикалык модели төмөнкү түрдө каралат:

$$\begin{cases} \frac{dN_2}{dt} = k_1\alpha_1(N_1)N_2 - V_2(N_2)N_3 - m_2N_2 - \mu(D)N_2 \\ \frac{dN_3}{dt} = k_2V_2(N_2)N_3 - \varepsilon N_3{}^2 - m_3N_3 - \alpha\mu(D)N_3 + PN_3, \end{cases} \tag{33}$$

Оптималдуу башкаруу теориясынын негизинде пахта биоценозунун моделдик экосистемалары үчүн зыянкечтер менен күрөшүү методдорунун параметрлерин аныктоого мүмкүндүк берген катыштар алынды.

Эгер зыянкечтердин саны чектүү маанисинен жогору болсо, ал эми жырткычтардын, мителердин саны аз же алардын тиешелүү түрдө чектүү маанисине барабар болсо, анда биологиялык ыкманы колдонуу керектиги, ал эми жырткычтардын, мителердин саны чектүү мааниден көп болгон учурда химиялык ыкманы колдонуу эффективдүү болоору белгилүү.

**Алтынчы бапта** курт-кумурскалардын убакыт-курактык курамын эске алуу менен өсүмдүктөрдү коргоонун интегро-дифференциалдык маселесинин чыгаруунун сандык методу изилденет жана компьютердик эксперименттердин жыйынтыктары келтирилген.

**1-бөлүмдө** курт-кумурскалардын убакыт-курактык курамын эске алып өсүмдүктөрдү коргоонун интегро-дифференциалдык маселесин айырмалап аппроксимациялоо келтирилген. $V(N)$ трофикалык моделдер классында (14) интегро-дифференциалдык маселесин карайбыз. $\tilde{N}_i = \int_{\bar{\alpha}_i}^{\bar{\bar{\alpha}}_i} N_i(a,t)da, \quad i = 2,3.$

$N_i(0,t) = \int_{\alpha_i}^{\beta_i} B_i(\xi)N_i(\xi,t)d\xi, \ i = 2,3.$ $\quad t = a + \tau, M_i(a,\tau) = N_i(a, a+\tau), \ i = 2,3$

функцияларын киргизебиз жана (14) маселесин төмөнкүчө жазабыз

$$\begin{cases} \dfrac{dN_0}{dt} = Q - \alpha_0 N_0 N_1, \\ \dfrac{dN_1}{dt} = k_0 V_0(N_0)N_1 - V_1(N_1)\tilde{N}_2 - m_1 N_1, \\ \dfrac{\partial M_2}{\partial a} = k_1 V_1(N_1)M_2 - V_2(M_2)\tilde{M}_3 - m_2 M_2, \\ \dfrac{\partial M_3}{\partial a} = k_2 V_2(M_2)M_3 - \varepsilon M_3^2 - m_3 M_3. \end{cases} \qquad (34)$$

мында $V_i -$ трофикалык функциялар $i = 1,2$, $B_2(a), B_3(a) -$ пайдалуу жана зыянкеч курт-кумурскалардын туулуу коэффициенти $k_i, m_i, \alpha_i, \beta_i, \bar{\alpha}_i, \bar{\bar{\alpha}}_i, \varepsilon -$ терс эмес берилген константалар.

(34) маселесинин чыгарылышы төмөнкү катыштар аркылуу чагылдырылаарын оңой көрүүгө болот:

